КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ТОҢ РАЙОНУ
КӨК-МОЙНОК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК -КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КОК-МОЙНОКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

2024-жылдын 6-февраля № 6 Ак-Өлөң айылы

**_Жер аянтын бөлүп берүү жөнүндө_**

Көк-Мойнок айыл аймагындагы Көк-Мойнок-2 айылынан Токбаев Кожош Сапаевичтин ижарага алган жер аянтынын ордуна калктуу конуштарды кеңейтүү максатында башка жер аянтын бөлүп берүү боюнча Көк-Мойнок айыл өкмөтүнүн жер адиси Кадырбаев Болотбектин билдирүүсүн жана Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын сөздөрүн угуп жана талкуулап, Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Көк-Мойнок айыл аймагына караштуу Көк-Мойнок -2 айылындагы №1549 контурдагы "Бак" участкасындагы Токбаев Кожош Сапаевичтин ижарага алган көп жылдык бак-дарактар түрүндөгү 27,0 гектар жер аянты Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 68-беренесинин 4-бөлүкчөсүнүн негизинде коомдук муктаждыктар үчүн башка жер аянтына алмаштырылып бөлүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Токбаев Кожош Сапаевичке башка жерден жер аянтын бөлүп берүү боюнча иш алып баруу жагы Көк-Мойнок айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

**Төрага** **С. Д. Байбосунов**